КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXI сессиясы

Токтом № 77

Сүлүктү шаары **26.12 2022-жыл**

Сүлүктү шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт секторунун аткарган иштери боюнча маалыматы жөнүндө

Сүлүктү шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт секторунун башчысы Н. А. Исраиловдун Сүлүктү шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт секторунун аткарган иштери боюнча маалыматын жана шаардык кеңештин "Социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт секторунун башчысы Н. А. Исраиловдун Сүлүктү шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт секторунун аткарган иштери боюнча маалыматы кабыл алынсын.

2. Сүлүктү шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт секторуна милдеттендирилсин:
   - Шаардын аймагында жаштардын коомдук, маданий жана спорттук иш-чараларга кызыгуусун арттыруу жана активдүү катышуусун камсыз кылууну ишке ашыруу;
   - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.10.2019-ж. №562 токтом менен бекитилген 2020-2030-жылдарга "Жаштар саясатынын концепциясында" коюлган максаттар жана принциптерди шаардык деңгээлде аткарылышын камсыз кылуу.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Р. М. Жайнаков